УДК: 809.434.1(575.2) (043.3)

**Мурзалиева А. Ш.**
филология илимдеринин кандидаты
*Баткен мамлекеттик университети*

## ЭМОЦИЯНЫ ЧАГЫЛДЫРГАН ТИЛДИК КАРАЖАТТАР

**Мурзалиева А. Ш.**
кандидат филологических наук
*Баткенский государственный университет*

## ЯЗЫКОВЫЕ ЕДИНИЦЫ, ВЫРАЖАЮЩИЕ ЭМОЦИИ

**Murzalieva A. SH.**
candidate of philological sciences
*Batken State University*

## EXPRESSIONS THAT CONVEY EMOTIONS

**Аннотация.** Бул макалада эмоцияны чагылдырган тил бирдиктерине басым жасадык. Кыргыз тилиндеги көркөм чыгармалардын алкагында сөз, уңгу, мүчө, негиз, сөздөрдүн маанилерин, лексика-семантикалык маанилерин иликтөөгө аракеттендик. Көркөм чыгармада бир эле мүчөнүн ар түрдүү эмоцияны жаратып, грамматикалык жактан сын атоочтук, зат атоочтук мааниде эле эмес, жазуучунун көркөм образ жаратуудагы индивидуалдык чеберчилигине жараша ар түрдүү маанилерди туюндураары аныкталды. Сөздөрдүн маанилерин изилдөөдө мүчөлөрдүн жалганышынан улам баштапкы маанисин жоготуп, ар кандай жаңы сөздөр жаралып, түрдүү маанилерди туюнтуп, натыйжасында эмоционалдык-экспрессивдүүлүк жана поэтикалык ыргакты пайда кылып, эстетикалык күчкө ээ болду. Чыгармада кейипкерледин диалог, монологдорунда сөздөр өтмө мааниде, эркелетүү мааниде, кордоо мааниде, шылдыңдоо мааниде, теңсинбөө мааниде колдонулбастан, үндүн тонуна жараша да түрдүү эмоцияны жаратары аныкталды.

**Негизги сөздөр:** сөз, уңгу, мүчө, маани, негиз, эмоция, тилдик бирдик, эстетикалык маани, тилдин, кептин жана көркөм кептин эстетикасы, эстетикалык категориялар, баалоо категориясы, семантикалык маани, өтмө маани, көркөм образ, тилдик каражаттар, сөз тизмеги, көркөм чыгарма.

**Аннотация.** В этой статье мы акцентируем внимание на языковых единицах, отражающих эмоции. В рамках кыргызской литературы мы попытались исследовать лексико-семантические значения слов, звуков и основных слов. В художественном произведении одно и то же аффикс может вызывать различные эмоции, и, в зависимости от индивидуального мастерства автора в создании художественного образа, оно может передавать разные значения как в грамматическом, так и в смысловом аспекте.

В исследовании значений слов выясняется, что из-за сочетания членов предложения первоначальное значение теряется, и возникают новые слова, отражающие разнообразные значения, в результате чего формируются эмоциональная экспрессивность и поэтический ритм, обретая эстетическую силу. В произведении в диалогах и монологах персонажей слова используются не только в прямом значении, ласковом, оскорбительном, насмешливом, но также в зависимости от тональности звука создают различные эмоции.

**Ключевые слова:** слово, звук, аффикс, значение, основа, эмоция, языковая единица, эстетическое значение, категории, категория оценки, семантическое значение, переносное значение, художественный образ, языковые средства, ряд слов, художественное произведение.

**Annotation.** In this article, we focus on linguistic units that reflect emotions. Within the framework of Kyrgyz literature, we attempted to investigate the lexico-semantic meanings of words, sounds, and basic terms. In a literary work, the same affix can evoke different emotions, and depending on the individual skill of the author in creating a literary image, it can convey various meanings in both grammatical and semantic aspects.

In the study of word meanings, it becomes clear that due to the combination of sentence components, the original meaning is lost, and new words emerge that reflect diverse meanings. As a result,

emotional expressiveness and poetic rhythm are formed, gaining aesthetic strength. In the work, in the dialogues and monologues of the characters, words are used not only in their literal sense—endearing, insulting, mocking—but also, depending on the tone of sound, they create various emotions.

**Key words:** word, sound, affix, meaning, base, emotion, linguistic unit, aesthetic value, categories, evaluation category, semantic meaning, figurative meaning, artistic image, linguistic tools, word sequence, literary work.

Жалпы тил илиминде тилдин эстетикасы жана кептин эстетикасы жөнүндө ар тараптуу иликтөөлөр жүргүзүлгөнүнө карабастан улуттук өзгөчөлүктөрдү изилдеген айрым маселелер жок эмес. Тилдин эстетикалык мүмкүнчүлүгүнүн айрым маселелери өткөн кылымдын экинчи жарымынан изилдене баштаган. Андыктан бир катар окумуштуулардын омоктуу ойлоруна токтолууга сарасеп салсак. Муну Д. Аксандын: "сөздөр адамдын сезимин, эмоциясын билдирет" деген аныктамасынан байкоого болот. Изилдөөчү сөздүн өтмө маанисин *жалпы тилдик* жана *жалпы тилдик эмес* деп экиге бөлгөн. Ал: "сөздөр контекстте колдонулганына карай ар кандай эмоцияны туюндуруп калат, а түгүл бир нерсени туюнткан ар түрдүү сөздөр да бирдей сезимди жаратат", ("Семасиология жана түрк семасиологиясы" 1987) – дейт.

Ал эми окумуштуунун "Семасиология. Семантикалык топтор жана түрк семантикасы" аттуу эмгегинде «duygunun tesiri» деген терминди колдонот, бизче сөзмө-сөз которулганда "сезимдин күчтүүлүгү" дегенди туюнтат. Аталган эмгекте *сезимдин күчтүүлүгү* [З.Кыран, 2000] деген терминди кээбирлери*экспрессивдүүмаани* [Инже,1992], айрымдары *таасирдүү мазмун* деген синонимдерин колдонорун белгилейт. Д. Аксан сезимди билдирүүчү сөздөр поэзиянын таасирин артыруу үчүн колдонулгандыктан, айрым изилдөөчүлөрдүн *поэзия тили* деген түшүнүк менен *коннотация* терминин бирдей мааниде колдонушканын туура көрбөйт. Ошондой болсо да, окумуштуу түрк тилинде сөздүн экспрессивдүү, таасирдүү, эмоционалдуу маанилеринин бар экендигин белгилешкен [Аксан, 1987; Инже,1992; З. Кыран, 2000]. Бирок анын кең алкакта эмес, тар алкакта иликтөөгө алганын байкоого болот. Анткени сөздүн таасирдүү, эмоционалдуу, экспрессивдүү маанилери поэзияда эле эмес, прозалык, драмалык чыгармаларда да орду чоң. Чыгармадан эстетикалык рахат алуу кабыл алуудан көз каранды. Гейгер искусствонун эки түрдүү түзүлүшү болгондугун айткан: «терең» жана «үстүртөн» деп, алардын эки түрдүү таасир тийгизе тургандыгын билдирген: «Үстүртөн таасири чыгарманы көрүүдөн алган рахатты, терең таасири болсо, жан дүйнөсү (туюу) менен кабыл алуусу болуп саналат" [Moran,1991:223; İnce, 1992:50; Tökel,1996:54]. Жогорудагыдай эле көз карашты Гутзен да билдирет: "Кабыл алуу жөндөмдүүлүгүбүз кызыгуубузга, билимибизге жана интеллектуалдык абалыбызга көз каранды. Кабыл алган субъект жана кабыл алынган объект ортосундагы байланыш бул жерде адабий жол менен түзүлгөн, сезүү аркылуу ишке ашат" [Gutzen,1988:93]. Ал эми Зейнел Кыран менен Айше Кырандын изилдөөлөрүндө "Түшүндүрмө же сезим функциясы", "Сезим күчтүүлүгү" деген бөлүмдөрү биздин иликтөөгө алган проблемабызга үндөш. Жазуучу сөздөрдү өтмө мааниде колдонуп, баяндалып жаткан предметке карата "мамиле-баасын" (жакшы, жаман, мыкты ж.б.) да билдирет жана баянды жүзөгө ашыруучу төмөнкүдөй тил каражаттары бар: ат атоочтун жанында сын атоочтун колдонулушу, илеп белгиси, басым, тыныш белгилери, жаңдоо, ымдоо ж.б. мында сезимди, эмоцияны туюндурган сөздөр да катышат" [Yazınsal Okuma Süreçleri, Seçkin Yayıncılık, 2000; Dilbilime Giriş, Ankara, Seçkin, Yayıncılık, Ankara, 2000] – деп бүтүм чыгарган.

Р. Будагов: "Тилдин эстетикасы тилдин ресурстары (байлык) жана мүмкүнчүлүктөрү менен аныкталат. Мындай ресурс жана мүмкүнчүлүктөр канчалык бай жана ар түрдүү болсо, тилдин эстетикасы ошончолук көлөмдө бай болот. Анализденип жаткан тилде бир ойду ар түрдүү сөздөр менен берүү мүмкүн. Тилдин эстетикасы так ушул түгөнбөстүккө таянат. Бул түгөнбөстүккө тилдин эстетикалык функциясынын теориясы иштелип чыгуусу керек", –деп белгилейт [Будагов, 1977:203].

Окумуштуу Б.Усубалиев: "тилдин эстетикасы менен кептин эстетикасынын ортосунда ар дайым өз ара байланыш болуп турат" – дейт [Усубалиев, 1994:115]. Себеби тилдин эстетикасы кептин эстетикасы аркылуу ишке ашат. Бул жерде тил менен кептин ортосундагы байланышкан окшоштукту көрсөтсө болот: кайсы жандуу тил болбосун кепте иштөө процессинин натыйжасында жашайт. Кыргыз тилинин

грамматикасы абстрактык жактан "өз бетинче" жашайт. Тилдин эстетикасына караганда тилдин грамматикасын жана лексикасын, өзгөчө фонетикасын жана фонологиясын окумуштуу А. Абдыкеримова "поэтикалык тилде баштапкы элемент деп тыбыштарды эсептеп, лексикалык-грамматикалык каражаттар сыяктуу эле фонетикалык факторлор да эмотивдик-экспрессивдик, эстетикалык-семантикалык мааниге ээ" [Абдыкеримова, 2008:59] экендигин белгилейт. Тилдин эстетикасы менен кептин эстетикасынын ортосундагы өз ара аракеттешүү тил менен кептин ортосундагы өз ара аракеттешүүгө караганда алда канча тыгыз жана түздөн-түз болот. Мындай айырманы лингвисттер тилде да көрсөтүшөт [Будагов, 1977; Усубалиев, 1994] "сүйлөп жаткан жөнөкөй кишинин" тилдин сулуулугу менен иши жок, тилдин сулуугу акындарды жана прозаиктерди гана кызыктырат. Бирок, биринчиден, жогорудагы адамдардын ортосунда социалдык-психологиялык деңгээлдер бар экендигин унутпоо керек. Экинчиден, тил "жөнөкөй сүйлөгөндөр" менен "жөн гана жазгандарга" өзүнүн чөйрөсүнөн көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Муну менен бирге сүйлөгөндөр менен жазгандардын ортосундагы пикир алышуу дайыма эле бир калыптуу эмес. Пикир алышуунун максаттары тилдик каражаттарды тандоо процессинде ойлонуу керектигин шарттайт. Демек, ойлонуу бар жерде жок дегенде кичинекей өлчөмдө болсо дагы тилдин эстетикасы болот.

Улуу жазуучулардын тилинин эстетикасы, негизинен, тилдин ресурстарынын терең талкууланууусуна жана анын эч качан толугу менен ачылып бүтө элек мүмкүнчүлүктөрүнө таянат. Б. А. Ларин М. Шолоховдун "Судьба человека" чыгармасынын тилин анализдеп жатып, жөнөкөйлүгүн автор аркылуу "анын ар бир фразасы окурманды кытыгылап сайгылап турат, укмуштуулугу менен таң калтырат. Бирок окурман китепти окуп бүтүп жатканда жараланууу менен жеңил ойлуулуктун жаңырыгынан башка эч нерсе сезбейт" [Ларин, 1974:262], – деп таамай белгилеген.

Биз бул иликтөөбүздө кептин экспрессивдүүлүгүн, эмоционалдуулугун ачып берүү үчүн тил илиминин грамматика бөлүмүнө кайрылууну туура көрдүк. Анткени кезинде окумуштуу Б.Орузбаева: сөздүн **уңгусу** деген терминдин түшүнүгү, анын мүнөздөөчү касиеттери – муун составы, мааниси, грамматикалык жана семантикалык мааниси, **алгачкы** (биринчи), **кийинки** жана **өтмө маанилери** тилибиздеги бардык төл сөздөрдүн жалпы суммасы эске алынып, ар тараптуу, биротоло мүнөздөлө электигин белгилеген [Орузбаева, 2000:12]. Жазуучу Т. Шайдуллаеванын **"Угузуу"** деген аңгемесин анализдөөгө алдык. Алгач **угузуу** деген сөздүн өзүн грамматикалык талдоого алсак, уңгусу **ук + <u>-кыз</u> <u>(-ыз)</u> = угуз** сөз түркүмү боюнча этиш сөз түркүмүнө тиешелүү. Этиш сөз түркүмүнүн аныктамасына токтолсок **заттардын кыймыл-аракетин, <u>бейпилдик абалын</u> жана <u>акыл-ойдогу</u> аракеттерди билдирген сөздөрдү этиш сөздөр атайбыз** (астын биз сыздык) [Абдувалиев, 2008:138]. Окумуштуу И. Абдувалиев жогорудагы аныктаманы берүү менен бирге этиш сөздөрүнүн төмөнкүдөй маанилик топторго ажыратат: кыймыл этиштер; абал этиштер, өзгөрүм этиштер, сезим этиштер [Абдувалиев 2008:145]. Окумуштуу эмгегинде **сезим этиштерге** учкай токтолуп өтөт. Анда сезим этиштери субъектини же объектинин кыймылга келтирбестен, акыл-ой ишмердигиндеги кыймыл-аракет маанилерин гана туюндурат: *эсте, түшүн, ойло, ук, бил ж.б.* [Абдувалиев, 2008:145]. Этиш сөз түркүмүнө тиешелүү категориялар бар. Алардын бири этиштин мамилелери болуп саналат. Негизинен кыргыз тил илиминде этиштер объект менен субъектилердин ортосундагы жандуу карым-катыш, байланыш-аракеттерди тейлегендигине карата беш мамилеси аныкталган. Ал эми **ук** деген сөздүн уңгусуна ***<u>-кыз</u> <u>(-ыз)</u>*** деген этиштин аркылуу мамилесинин мүчөсү жалганды ***ук + <u>-кыз</u> <u>(-ыз)</u> = угуз.*** Аркылуу мамиленин аныктамасына кайрылсак кыймыл-аракет кандайдыр башка субъектинин кийлигишүүсү менен ишке ашат [Абдувалиев, 2008:157]. Андан кийин этиштин өзгөчө формасы **кыймыл атоочтун** мүчөсү ***-уу*** уланып ***ук + <u>-кыз</u> <u>(-ыз)</u> = угуз + уу = угузуу*** сөзү келип чыкты. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө **угузуу** – жаман кабарды жана кырсыкты туугандарына, жакындарына бир нече кишинин чогуу келип билдирүүсү. Кыргызда мындай кабарды угузуу карыяларга, сөз билги, нускалуу кишилерге тапшырылган [Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. –Ф. "Мектеп" 1984]. Жазуучу Т. Шайдуллаева чыгармасынын атын ***УГУЗУУ*** деп ушул өңүттөн кыйыр түрүндө алгандыгын айтпай коюуга болбойт. Кыргыз элинин наркында өлгөн кишини жакындарына түрдүү ыкмада угузган. Стилист Т. Аширбаев:

"...колорит түшүнүгү көркөм чыгармада пайдаланылган тилдик бирдиктердин мазмуну аркылуу чыгарманын кайсы элге, регионго, кандай кесиптин адамдарына таандык экендигин туюнтулушу менен шарттайт" [Аширбаев, 2004:114]. Демек, жазуучунун чеберчилиги грамматикалык каражаттар аркылуу чыгарманы өзгөчө ыкма менен берген. Анын бул чыгармасында элет жериндеги бирдей курактагы достордун кадыресе турмушу сүрөттөлүшү менен башталып, улам чыгарма чиеленип отуруп, таптакыр башка өңүткө ооп кетет. Чыгарманы окуп олтуруп, кантип дене боюң чымырап, каңың кайнап, эркек аттууну жек көрүү эмоцияларга берилип кеткениңди байкабай да каласың. Аңгеме кыскалыгына карабастан окурманды токсон тогуз психикалык абалга салат. Т. Шайдуллаеванын чыгармасын иликтөөгө алуу үчүн **"Угузуу"** деген аңгемесине кыскача токтолууга туура келди. Аңгемедеги ***1)"Баарынан жээкке жакын отурган Эсен дарыянын бейгамдыгына, тунуктугуна ичи күйдү бейм колуна илешкен ташты алды да сууну туш келди бир чапты, дагы чапты, чаба берди. Чапкан сайын дарыя ак көбүк чача асманга бир секирип коюп, өз жолу менен ага берди.***

***"Сууну неге урасың, мындай таза, бейкүнөө нерсени тиктеп, сүйүп гана туруш керек!" Эсен акылынан ушул нерсени өткөргөнү менен колу сууну чаба берди."***

***2) "Жаз келип, өрүктөр жаңыдан гүл ача баштаган күндөрдүн биринде Эсен жумуштан кайтып келатып адатынча үйүнүн дарбазасы тарапка бир көз таштап алып, чочуп кетти. Дайыма жабык турчу дарбаза бүгүн кенен ачылып, сыртында эки жат жеңил машине токтоп турат. Көптөн бери күйбөй турган пешайвандагы чоң чырак бүгүн балбылдап жанып, үйгө кирип-чыгып аткан бейтааныш аял, эркектердин караанын даана көрсөтүп турду..."***

***3)*** *Адатта булар суу боюна келгенде азил-тамаша, күлкүнүн баарын Эсен баштачу. Анын жүзү бүгүн олуттуу, оозунан чыккан сөзү да оор болду:*

*- Угузбасаңар болбойт, башка чыдай албайм, бүгүн бир жолун таап угузгула...*

*Достору эмнени, кимге угузуу керектигин билишет эле. Баары саамга дымып, шар аккан тунук сууну тиктеп туруп калышты.*

*- Ай, Эсен, угуздуруп эмне кыласың, аялың билбесе билбей жүрө берсин, кайра жакшы эмеспи, укту дегиче, өзүң билесиң, чатак башталат.*

*Досторунун ичинен бири ачык эле буга каршы болду.*

*- Анар бүгүн болбосо эртең баари бир угат да, укса башкалардан уксун, бизден эмес."* – жогорудагы мисалдарда не деген салыштыруу, не деген метафоралар, кишинин психикасына таасир эткен кырдаалдар, минуталар жатат? Чыгармадагы баш каарман Эсен өз аялын таштап, башка аялды жактырып калат. Өз аялынын төрөбөстүгүнөн же, шалаакылынан, же жалкоолугунан, же көрүмсүздүгүнөн, же ушакчылыгынан, же адепсиздигинен кол шилтеп кеткен жок, тескерисинче, жөн гана сокур сезимдин азгырыгына гана арбалып кетти. Жашоодо мындай түгөйлөрдүн бири-биринен ажыраган көрүнүштөрдө элдин баасы аял кишиге гана берилип, аял кишини айыпка жыгып, жогорудагы терс көрүнүштөрдүн бирине ээ кылып тынат.

Натыйжада көркөм тексттин алкагында аял тараптан төмөнкүдөй эмоционалдык процесс жүрөт:

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жай турмуш (куунак, бактылуулук)** | - | **Каның кайнап, жек көрүү** | = | **Көңүл калуу, кайдыгерлик же тирүү өлүккө айлануу** | + | **Жашоого кайра келүү** |

Грамматикалык каражаттар аркылуу лексика-семантикалык жактан жаңыланып, жаңы маанинин келип чыгуу процесси:

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| *Ук* | + | *-кыз*<br>*-ыз* | = | *Угуз* | + | *-уу* | = | *УГУЗУУ* |

Жыйынтыктап айтканда, жазуучунун жеке чеберчилигинен улам, чыгармасында кейипкердин тирүү туруп, жокко (өлүү жанга) айлангандыгы, дегеле угузуу процессиндеги энантиосемиялык маанини туюнтуп, эмоционалдык-баалоо же мүнөздөөчү-баалоочу маанилер жаралып [Мурзалиева, 2014:77], грамматикалык каражаттар аркылуу лексика-семантикалык жактан жаңыланып, жаңы маанинин келип чыгышына себеп болуп калды. Т. Шайдуллаева объект менен субъекти дал өзүндөй образдуу, көркөм чагылдырууда кадыресе сөздүн колдонуу чеберчилигинин шыгына жараша контекстте баалоо, өтмө, энантиосемиялык, эмоционалдык-эстетикалык жана атоо маанилерин ичине өзгөчө сыйлыгыштыра алган. Демек, көркөм кепте улуттук колоритти чагылдырууда тил бирдиктери эстетикалык максатта пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

**Адабияттар:**


1. Абдувалиев, И. Кыргыз тилинин морфологиясы: "Кыргыз тили жана адабияты" адистиги боюнча ЖОЖ студ. үчүн окуу китеп / И.Абдувалиев. –Бишкек: Б-сыз, 2008. -284 б.
2. Абдыкеримова, А. Э. Лингвистикалык поэтика. К. Тыныстанов атын. Ысык-Көл мамл. ун-ти. -Каракол: Б-сыз, 2008. -209 б.
3. Аширбаев, Т. Кыргыз тилинин стилистикасы: функционалдык стилдер: 4-китеп. / Т.Аширбаев; жооп. ред. А.Оморов: –Бишкек, [б.и.]: 2004. -128 б.
4. Будагов, Р.А. Что такое развитие и совершенствование языка? –Москва, Изд-во "Наука" 1977. -263с.
5. Ларин, Б.А. Эстетика слова и язык писателя: Избранные статьи / Б.А.Ларин; Вступ. ст. А.Федорова. -Л.: "Худож. лит."1974. -288 с.
6. Мурзалиева, А.Ш. М.Гапаровдун чыгармаларынын эстетикалык кудурети (сын атоочтун мисалында). –Б., 2014. -168б.
7. Орузбаева, Б.Ө. Сөз курамы. –Бишкек: Мектеп, 2000. – 360 б.
8. Усубалиев, Б.Ш. Көркөм чыгармага лингвостилистикалык илик. –Бишкек:[б.и.], 1994. -199 б.
9. Aksan, D. Her Yönüyle Dil I, Türk Dil Kurumu Yayını: –Ankara,1987.
10. Kıran, Z. Yazınsal Okuma Süreçleri, Seçkin Yayıncılık, 2000.
11. Moran, (1991) Berna; Edebiyat Kuramları ve Eleştiri, Cem Yayınevi, İstanbul, 8. Baskı.
12. İnce, 92 Özdemir, Tabula Rasa, Can Yayınları, İstanbul
13. Tökel, 96, Dursun Ali, 'Ontolojik Analiz Metodu ve Bu Metodun Baki'nin Bir Gazeline Uygulanışı, Yedi iklim, s.74
14. Gutzen, 1988, Dieter; Yazınbilime Giriş, (Türkçesi M.Rıdvan Tatlıcı –Şener Bağ), Atatürk Üniversitesi Fen-Edebiyat Fakültesi Yayınları, Erzurum.)